**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

2020 жылдын «30» 09

№ 02-1/4476

___________ № ___________

**Жогорку окуу жайлардын жетекчилерине**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2019-жылдын 22-майындагы №69 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы мыкты окуусун изилдөөчүлүк иш жана активдүү коомдук иш менен ийгиликтүү айкалыштырып айырмаланган студенттерге (курсанттарга) финансылык колдоо көрсөтүү максатында Президенттик стипендияны 2019-2020 –окуу жылынын жыйынтыгы боюнча ыйгаруу үчүн өлкөбүздөгү бардык жогорку окуу жайларынан (мамлекеттик жана менчик) аталган Жарлыкка ылайык жана баалоо системасынын талаптарына толук жооп берген татыктуу студенттердин (курсанттардын) тизмесин (сөзсүз түрдө толук документтер менен коштолгон окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде) түзүүнү жана аталган тизмени **2020-жылдын 10-октябрына чейин** Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Кесиптик билим берүү башкармалыгына (311 кабинет) тапшырууну маалымдайт.

Министрлик кошумча маалымат катары 2018-2019-окуу жылынын жыйынтыгы менен ыйгарылган Президенттик стипендияда студенттердин жана ата-энелердин арасынан ар кандай тушүнбөстүктөр келип чыккандыгына байланыштуу тизмени жождун окумуштуулар кеңешинин жыйынында дыкат карап чыгып, жыйынтыгын атайын жооптуу кызматкердин коштоосунда министрликтин кароосуна даярдоо үчүн берүүнү суранат. (документтер студенттин же ата-эненин же мугалимдер аркылуу берилсе кабыл алынбайт).

Ошондой эле, студенттин (курсанттардын) тизмеси жана жетишкендиктери жөнүндөгү материалдарды тиркемедеги таблицанын

0149097

негизинде толтуруп сөзсүз түрдө толук документтер жогорку окуу жайдын жетекчисинин колу менен министрликтин кароосуна берүүсү зарыл.

Жогорудагылардын негизинде Жобого туура келбеген документтер министрлик тарабынан кабыл алынбай тургандыгын билдиребиз.

Жобо жана таблица тиркелет.

Тиркеме: 8 барак.

**Министрдин орун басары** **Н. К. Омуров**

Мамытова, 620487

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

*Бишкек шаары, 2017-жылдын 27-июну ПЖ № 124*

## Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

Шыктуу жаштарды колдоо, алардын чыгармачыл эмгектерине жана демилгелерине баа берүү максатында токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жарандык өнүктүрүү, диний жана этностук саясат бөлүмүнө жүктөлсүн.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2017-жылдын 30-июнунда N 77 жарыяланды*

**Кыргыз
Республикасынын
Президенти**

Кыргыз Республикасынын
Президентинин
2017-жылдын 27-июнундагы
ПЖ № 124 Жарлыгы менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө**
**ЖОБО**

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө ушул жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 14-декабрындагы № 227 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүү фонду жөнүндө жобого ылайык мыкты окуусун изилдөөчүлүк иш жана активдүү коомдук иш менен ийгиликтүү айкалыштырып айырмаланган студенттерге (курсанттарга) финансылык колдоо көрсөтүү максатында иштелип чыккан.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

2. Жобо билим берүү ишин жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча жүргүзгөн менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында (мындан ары - ЖОЖдор) окутуунун күндүзгү формасы боюнча окуган Кыргыз Республикасынын жарандарына - студенттерге (курсанттарга) Президенттик стипендияны (мындан ары - стипендия) ыйгаруунун тартибин белгилейт.

2-1. Президенттик стипендия ачык конкурстун негизинде ыйгарылат жана жалпы белгиленген стипендиялардан тышкары төлөнөт. Стипендия жеке болуп саналат, бир окуу жылына (10 айга) белгиленет жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) бир жолу төлөнөт.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

2-2. Стипендиянын өлчөмү Билим берүү маселелери боюнча комиссия тарабынан белгиленет.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

## 2. Стипендияны алууга талапкерлерди тандоонун критерийлери

3. Стипендияны ыйгаруу окутуунун күндүзгү формасында бакалавриат программасы боюнча 3-курста, 5 жана андан көп жылдык окутуу программасы боюнча 3-4-курстарда окуган студенттердин (курсанттардын) арасынан ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге жана стипендиянын квотасына ылайык талапкерлерди тандоонун негизинде жүргүзүлөт.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

4. Стипендия ыйгаруу үчүн талапкерлерди тандоонун төмөнкүдөй критерийлери белгиленет:

1) окутуунун бардык мезгилинде орто аралыктагы аттестациянын жыйынтыгы боюнча алган баалардын жалпы санынан "эң жакшы" деген баа кеминде 90 пайыз болгондо студенттин (курсанттын) "эң жакшы" жана "жакшы" деген бааны алуусу;

2) стипендия ыйгаруу алдында эки жылдын ичинде өткөрүлгөн студенттердин (курсанттардын) окуудагы жетишкендиктерин табууга багытталган эл аралык же республикалык олимпиадада, конкурста, мелдеште, таймашта, башка иш-чарада студентти (курсантты) жеңүүчү же байге ээси деп таануу;

3) стипендия ыйгаруу алдында эки жылдын ичинде студенттин (курсанттын) төмөнкүлөрдү алуусу:

- илимий-изилдөө ишинин натыйжалары үчүн сыйлыкты (байгени);
- интеллектуалдык (илимий-усулдук, илимий-техникалык, илимий-чыгармачылык) иште жетишилген илимий натыйжасына студенттин (курсанттын) өзгөчө укугун күбөлөндүргөн документти (патент, күбөлүк);
- илимий-изилдөө ишин аткаруу үчүн грантты;

4) стипендия ыйгаруу алдында эки жылдын ичинде студенттин (курсанттын) илимий (окуу-илимий, окуу-усулдук) эл аралык, республикалык же ведомстволук басылмада жарыялоолорунун бар болуусу;

5) стипендия ыйгаруу алдында эки жылдын ичинде студенттин (курсанттын) илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын башка жол менен жарыялоосу, анын ичинде эл аралык, республикалык же ведомстволук конференцияда, семинарда, тиешелүү деңгээлдеги башка иш-чарада баяндама (билдирүү) жасоо жолу менен жарыялоосу;

6) студенттин (курсанттын) мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин билүүсү;

7) студенттин (курсанттын) билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

5. Стипендия ыйгарууга талапкерлер ушул Жобонун 4-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн критерийге жана ушул Жобонун 4-пунктунун 2-7-пунктчаларында көрсөтүлгөн бир нече критерийлерге туура келүүгө тийиш.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

6. Президенттик стипендия окуган курсуна жана ЖОЖуна (чет элдик ЖОЖдорду жана алардын филиалдарын кошкондо) карабастан, Кыргыз Республикасынын атынан чыгып, эл аралык деңгээлдеги фестивалдардын жана конкурстардын лауреаттары жана дипломанттары болгон, бирок ушул Жобонун 4-пунктунун 1-пунктчасынын талаптарына жооп берген студенттерге (курсанттарга) ыйгарылышы мүмкүн.

6-1. Стипендия бир адамга бир жолудан ашык ыйгарылышы мүмкүн эмес.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

## 3. Стипендияны ыйгаруу

*(Главанын аталышы КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

7. Стипендияны алууга жогоруда аталган критерийлерге жооп берген талапкерлердин тизмеси ЖОЖдун окумуштуулар кеңешинде каралат жана бекитилет.

8. Стипендияны алууга талапкерлердин тизмеси Билим берүү маселелери боюнча комиссияга Комиссия белгилеген мөөнөттө берилет.

Ошол эле учурда ЖОЖ окутуунун күндүзгү формасында окуган ЖОЖдун студенттеринин (курсанттарынын) жалпы санын милдеттүү түрдө көрсөтөт.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

8-1. Стипендияны алууга талапкерлердин тизмесине ЖОЖдор ар бир талапкер боюнча төмөнкү документтерди тиркеши керек:

1) талапкердин жетишкендиктерин мүнөздөгөн ЖОЖдун жүйөлүү өтүнүчү;

2) стипендияны алууга студентти (курсантты) көрсөтүү жөнүндө ЖОЖдун Окумуштуулар кеңешинин жыйналышынын протоколунан кеңештин төрагасынын жана окумуштуу катчысынын койгон колу менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

3) мыкты академиялык жетишкендигин тастыктаган акыркы эки окуу жылы үчүн зачеттук китепчесинин көчүрмөсү;

4) талапкердин конференцияларда, олимпиадаларда жана конкурстарда жетишкендиктерин тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү, анын ичинде:

- талапкер (жеке же тең авторлош болуп) жарыялаган илимий иштеринин (ушундай иштери болсо) тизмеси;

- илимий конференцияларда, симпозиумдарда чыгып сүйлөгөн темаларынын тизмеси, алардын өткөрүлгөн жери жана убактысы көрсөтүлөт (ушундай иштер болсо);

5) илимий изилдөөчүлүк иште, чыгармачылык жана спорттук мелдештерде (ушундай иштер болсо) талапкердин ийгиликтерин тастыктаган башка документтер;

6) инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

8-2. Конкурска берилген документтер ЖОЖдун мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек. Бардык тиркелген документтери бар өтүнүч бир нускада, номерленип, көктөлүп жана ЖОЖдун мөөрү менен күбөлөндүрүлүп берилет.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

8-3. Төмөнкүдөй өтүнмөлөр каралбайт жана конкурска катышууга жол берилбейт:

1) электрондук почта боюнча же факсимилдик байланышты колдонуу менен жөнөтүлгөндөр;

2) конкурстун шарттарына ылайык келбегендер;

3) тариздөө эрежелерин бузуу менен берилгендер;

4) документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин келип түшкөндөр.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

8-4. Билим берүү маселелери боюнча комиссия тарабынан өтүнмөлөрдү четке кагуу жүйөлөрү билдирилбейт.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

8-5. Конкурска берилген материалдар кайтарылбайт.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

9. Стипендияны алуу үчүн ЖОЖдор берген талапкерлердин жалпы санынан Билим берүү маселелери боюнча комиссия стипендианттардын санынын квотасынын чегинде стипендияны ыйгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине сунушталуучу талапкерлердин конкурстук тандоосун жүргүзөт.

9-1. Конкурс жыл сайын өткөрүлөт жана эки этаптан турат:

1) ЖОЖдор талапкерлерди стипендия ыйгаруу үчүн көрсөтөт (этап окуу жылы аяктагандан кийин жүргүзүлөт);

2) Билим берүү маселелери боюнча комиссия ЖОЖдор көрсөткөн талапкерлердин арасынан мыктыларын тандайт (этап сентябрда өткөрүлөт).

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

10. Конкурс ушул Жобонун 3 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга кыйла туура келген адамдарды тандоо жолу менен жүрөт. Окутуунун бардык мезгилинде орто аралыктагы аттестациянын жыйынтыгы боюнча "эң жакшы" деген гана баа алган студенттерге (курсанттарга) артыкчылык берилет. Талапкердин жетишкендиктерин баалоо балдык система боюнча жүргүзүлөт (2-тиркеме). Стипендиялар кыйла жогору балл алган талапкерлерге ыйгарылат.

Президенттик стипендияны ыйгарууда тең шарттар болуп калганда жетим балдар, ата-энесинин камкордугусуз калган балдар, майып балдар, бала кезинен майып балдар артыкчылыкка ээ болот.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

11. Конкурстук тандоонун калыстыгын жана ачык-айкындыгын камсыз кылуу максатында Билим берүү маселелери боюнча комиссия мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн Комиссиянын ишине катышуу жана көмөк көрсөтүү үчүн жумушчу топту түзүүгө укуктуу.

12. Стипендияны алууга квота ушул төлөмдөргө ошол жылы каралган Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүү фондусунун каражаттарынын чегинде Комиссия тарабынан аныкталат.

13. Стипендиаттардын тизмесин Кыргыз Республикасынын Президенти бекитет.

13-1. Президенттик стипендияга ээ болгондорго "Президенттик стипендиат" деген сертификат тапшырылат.

*(КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

## 4. Стипендияны төлөөнү каржылоо

*14. (КР Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

15. Стипендияны төлөө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүү фондунан жүргүзүлөт.

16. Стипендияны төлөөнүн каражаттарын эсепке алууну жана отчеттуулугун Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасы жүргүзөт.

2-тиркеме

**Баалоо системасы**

*(КР Президентинин <u>2019-жылдын 22-майындагы ПЖ № 69</u> Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

| № | Баалоо критерийлери | Баллдар |
|---|---|---|
| 1 | Жетишкендиги | 40ка чейин |
| 2 | Эл аралык же республикалык олимпиадалардын, конкурстардын, мелдештердин ж.б. байге ээси | 10го чейин |
| 3 | Изилдөөчүлүк иш (долбоор, презентация) | 10го чейин |
| 4 | Илимий эл аралык, республикалык же ведомстволук мезгилдүү басылмаларга жарыялоолор | 10го чейин |
| 5 | Студенттин (курсанттын) илимий-изилдөөчүлүк ишинин натыйжаларын башка жарыялоолору | 10го чейин |
| 6 | Тилдерди билүүсү | 10го чейин |
| 7 | Билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу | 10го чейин |
|  | Жыйынтыгы: | 100 |

**Тиркеме**

| № | **Аты атасынын аты жөнү** | **Окуу жайдын, факультеттин аталышы** (мамлекеттик жана расмий тилде) | **Сыйлыктары** Билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу (мамлекеттик жана расмий тилде) | **Изилдөөчүлүк иштери (долбоорлору)** (мамлекеттик жана расмий тилде) | **Тилдерди билүүсү** | **Баалоо критерийлери** |
|---|---|---|---|---|---|---|